***Омуралиева Д.К., Бекирова Д.О.***

# Жайытты пайдаланууда чет элдик жана башка региондордун тажрыйбасын колдонуу

*Акыркы мезгилде жайыт маселеси бир гана Кыргызстанда эң орчундуу маселе болбостон башка өлкөлөрдө дагы көйгөйлөрдү жаратууда.*

*В последнее время проблема использования пастбища является актуальной не только в Кыргызстане, но и в других странах мира.*

*Recently the problem of use of a pasture is actual not only in Kyrgyzstan, but also in other countries of the world.*

*Өзөк сөздөр: жайыт, башкаруу, стратегия, айыл чарба, ассоциация.*

*Ключевые слова: пастбища, управление, стратегия, сельское хозяйство, ассоциация.*

*Key words: pasture, management, strategy, agriculture, association.*

Биздин өлкө менен алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк жайыттарды пайдалануу боюнча тажрыйбаларын салыштырып көрсөк мисалы: Монголиянын жайыт пайдалануучуларынын өзгөчөлүгү бул климаттык шартка байланыштуу; жердин кургактыгы, малдын көптүгү менен айырмаланат, өзгөчө кой-эчки багылат. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшү начар болгондуктан, мал чарбачылыгы өнүккөн, ошол себептен бүгүнкү күнү жайыттардын сапаты начарлаган.

Монголияда жайыттарды тура эмес пайдалануу жана кен байлыктарды башаламан казуунун себептеринен бардык жайыт чарбаларынын 70% бүгүнкү күндө зыянга учураган. Ушунун себебинен 2012-жылдын 23-ноябрында Монголиянын Азык-түлүк, айыл чарба жана жеңил өнөр жай министринин орун басары Ж.Сауле Кытайдын “Синхуа” маалымат агенттигине төмөндөгүлөрдү билдирген: «Өлкөнүн жайыттарынын деградацияга учурашынын себеби ири мүйүздүү малдардын өтө көбөйүп кеткендиги болот. 1990-жылы Монголияда 90000 малчыга 25 млн. Ири мүйүздүү мал туура келе турган болсо, азыркы күндө 160000 малчыга 37 млн. Ири мүйүздүү мал туура келет. Ушунун натыйжасында өлкөдө акыркы жылдарда жайыттар 9 млн. гектарга кыскарып кеткен». Ушул маселелердин алкагында Монголиянын башкаруу системасында жайыттарды рационалдуу пайдалануу боюнча 1987-жылы бирдиктүү мамлекеттик чечим кабыл алынган. Жер ресурстарын жана жайыттарды координациялоо боюнча саясат жүргүзүү анын максаты: айыл чарба министрлигин, айыл чарба өнөр жайын,

метеорология тармактарын бирдикте иштөөгө стратегиялык программа түзүү:

- жайыт ресурстарын пайдалануу боюнча механизмдерди иштеп чыгуу;

- атайын жайыттар боюнча илимий-изилдөө борборлорун уюштуруу ж.б.

Нарын облусунун жайыттарды башкаруу жана пайдалануу практикасына облустук администрациянын жана райондук деңгээлде жайыт пайдалануу жана башкаруу боюнча тез арада стратегиялык планды иштеп чыгуу менен облустук деңгээлде жайыт пайдалануучулардын кеңешме борборлорун уюштуруу зарыл. Мындан сырткары климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу суу ресурстары дагы азайып жатат. 2011-жылдагы изилдөөлөр боюнча өлкөдө 551 аккан суу, 483 көл жана 158 булак азайып кеткен [1].

Душанбеде 2012-жылдын 28-июнунда болуп өткөн «Тажикстандын жайыттары: жайыттардын абалы жана перспективасы” эл аралык конференциясынын катышуучулары Тажик Республикасынын табигый тоют чарбаларын алдыңкы технологиянын жетишкендиктерин эске алуу менен өнүктүрүү, жайыттардын абалы, жайыттарды колдонуу жана башкаруу, токой чарбасына керектүү жерлерди, мал чарбачылыгын жана жайыт чарбачылыгын өнүктүрүү маселелерин талкуулашты.

Бул форумда төмөндөгүдөй резолюция кабыл алынды: ”Өлкөнүн агрардык секторунун приоритеттүү багыттарын өнүктүрүү максатында жайыттардын туура эмес колдонушунун натыйжасында пайда болгон жерлердин деградацияларын токтотуу үчүн Тажикстан эл аралык партнерлор менен тыгыз иш алып барышы керек. Жайыт чарбаларынын климаттык өзгөрүүлөргө байланышкан зыянга учуроосун токтотуу максатында тез арада ишке кире турган улуттук пландарды кабыл алуу зарыл”.

Бүгүнкү күндө Нарын облусунда көптөгөн жергиликтүү жамааттар чет өлкөлүк долборлоор менен иш алып барууда. Облус айыл чарбасы боюнча приоритеттүү тармак болгондуктан мындан ары дагы тез-тез “Айыл жергесинин экономикасын өнүктүрүү” долбоорунун алкагында ар кандай форумдарды өткөрүп, айыл жергесинин тургундары менен бирдикте алардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча иш алып баруу зарыл.

Казакстанда жайыт боюнча көйгөйлөр көп учурайт, жалпы жайыттардын аянты 187 млн. га болсо, анын ичинен 81 млн. га пайдаланылат, 26,5 млн. га деградацияга учураган, мындан сырткары суу жетишсиз. Казакстанда жайыттарды колдонуу жана башкарууну жакшыртуу максатында Казакстандын мамлекеттик бюджетинен жайыттардын инфраструктурасын өнүктүрүү максатында 22 млрд. теңге бөлүнгөн. 2013-2020-жылга чейин 8 млн. гектар жайыт чарбаларына 4000ден ашык суу кудуктарын жана насосторун орнотуу пландалды. Айта кете турган жагдай

Казакстандын президенти Назарбаевдин алыскы жайыттардын инфраструктурасын өнүктүрүү жана аларды суу менен камсыз кылуу боюнча атайын буйруктары жарыяланган. БУУнун эксперттеринин изилдөөлөрү боюнча жайыттардын деградацияга учурашынан Казакстан жылына 963,2 млн. долларга чыгымга учурайт, Сузак, Ордобасин, Сарыагаш, Арыз райондорунда 2 млн. гектар жайыт пайдаланууга жараксыз болуп чыккан.

Эл аралык жайыттар боюнча адис Л.Ковалева төмөндөгүлөрдү белгилеген: "Жайыттардын деградациясы дүйнөлүк проблема. Мен Израилдеги дүйнөнүн 50 мамлекетинен нобелдик сыйлыктын лауреаттары катышкан жерлерди чөлгө айлантпай сактап калуу максатында өткөн конференцияга катышып келдим. Бүгүнкү күндө Казакстандын экосистемасы дагы начар абалда, биз ушул сыяктуу маселелерден эч жакка качып кутула албайбыз. Биздин негизги максатыбыз жайыттарды сактоо иштерине токтоосуз киришүүбүз зарыл. Биз канчалык эрте аракеттенсек жайыттарыбызды эртерээк сактап калабыз" [1].

Кытай өлкөсүнүн өзгөчөлүгү өсүмдүктөрдү, мал өстүрүү менен айырмаланат, калктын саны көп болсо да, жер аянты жетишсиз болгондуктан, жада калса тоо беттерине дагы өсүмдүктөрдү эгишет, бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө эт өндүрүү боюнча 2 орунда турат.

Айыл жергесиндеги калктын саны 70% түзөт. Айыл чарба өндүрүмүн өндүрүү боюнча дүйнө жүзүндө орду чоң. Бул өлкөнүн өзгөчөлүгү айыл чарба багытындагы жердин жетишпегендиги жана суунун аздыгы. Жалпы жер аянттан 21%ы айыл чарбачылыкка пайдаланылат, бирок ага карабастан түшүмдүүлүк жогору болууда. Түштүк тарабында жылына 3 жолу түшүм алынат. 21-кылымдагы эң өнүккөн мамлекет болсо дагы жайыт маселелери проблемалуу.

Учурда Кытайдагы 400 млн. жаратылыш талааларынын 90%ы деградацияга учураган. Жыл сайын жараксыз ээн калган жайыттардын саны 2 млн. гектарга өсүүдө. Бул Кытай мамлекетинин экологиялык коркунучу болуп эсептелет. Кытайдын айыл чарба министрлигинин башкы экономисти Цзя Юлиндин билдирүүлөрү боюнча Кытайдын бардык аянтынын 41,7%ы жайыт чарбаларына кирет, айрыкча Синхай-Тибет тоолорундагы кургакчыл райондордун экосистемасы проблемалуу болуп эсептелет. Цзя Юлиндин билдирүүсү боюнча такырланган жайыттарды убактылуу мамлекеттик корук катары эсептеп, мал жаюуга тыюу салган закондорду киргизген (Синьхуа материалдарынан). Биздин өлкөдө да ушул тажрыйбаны эске алуу жакшы натыйжаларды берип, жайыт которуштурууну да калыбына келтирмек.

Жайыттардын чек араларын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча эл аралык кеңешчи Жорж Вайдердин айтымында, Кыргызстандагы жайыттар

дээрлик абдан начар абалда. Көпчүлүк аянттарды пайдаланууда аёосуз талкаланган.

Ошондой эле жайыттар менен токой массивдеринин ортосундагы карама-каршылыктар да көңүл бурууга татыктуу. "Кыргызстанда токой массивдери 70 пайыздан ашуун аянтты ээлесе, Швецариянын жалпы аянтынын 3төн 1 бөлүгүн ээлейт. Келечекте Кыргызстан токойду сактап калууга жана жайыттарды натыйжалуу пайдаланууга чара көрөт деп ойлойм", - дейт Ж.Вайдер. Эскперттин айткандарына көңүл буруу биздин өлкө үчүн өз натыйжасын берээри шексиз.

Швейцарияда жайыт проблемалары көбүнчө экономикалык жана социалдык мүнөздө, биздин өлкөгө салыштырмалуу жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча проблемалар жок.

Ж.Вайдердин айтымында, анын өлкөсүндөгү проблемалар жайыттардын өнүмдүүлүгү менен байланышкан. Жайыттын өнүмдүүлүгү жана андан алынган азыктар өтө кымбат. Ошондой болсо да фермерлер жашап кетүү үчүн жан үрөшөт. Швейцариядагы дагы бир көйгөй фермерлер пайдаланбагандыктан жайыттар каралбай калган. Анын аянты азайып, токой массивдери көбөйүп жатат. Ж.Вайдер жайыт адиси катары, жайыттардагы кадастрлык иштер боюнча эмгектерди жазган. "Түштүк Америкадан өз мекениме кайтып келгенден кийин менин ишмердүүлүгүм бир аз башка нукка салынып, жайыттарда жашаган фермерлерге иш план түзүүгө, инвестиция тартууга жардам бере баштадым. Альпы жайыттарындагы кадастрлык иштер боюнча эмгек жаздым", - дейт Ж.Вайдер. Анын пикиринде карагана отоосу өтө олуттуу маселе. Биздин оюбузча Ж.Вайдердин Кыргыз Республикасына болгон көз карашы маанилүү деп эсептейбиз, себеби жайыт башкаруу системасында бүтүндөй бирдиктүү ишмердүүлүктүн багыттарын жакшыртуу бүгүнкү күндө мал чарбачылыгын өнүктүрүүнүн негизи булагы болуп саналат. Швейцарияда жайыт аянттары аз болсо да, андан сапаттуу айыл чарба продукциясы өндүрүлөт, себеби жайыттарды башкаруу системасы жөнгө салынган [2].

Кыргызстандын жайыт тармагындагы инфраструктураны жакшыртуу максатында бүгүнкү күнү Кыргызстандагы 454 жайыт комитети Дүйнөлүк Банк менен Европа Союзунан колдоо ирээтинде жылына 250 миң сомдон гранттык акча каражатын алып жатышат. Бул акчалардын бардыгы тең жайыт комитеттеринин жеке керектөөсүнө эмес, жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, тактап айтканда жаңы көпүрө, жолдорду салып, эскилерин оңдоп калыбына келтирүүгө, суу тартыш болгон аймактарга суу чыгаруу жумуштарына жумшалышы керек.

Мындай каражат бир чети жайыт комитеттери үчүн абдан чоң колдоо болсо, экинчи бир жагынан элеттеги жергиликтүү эл донор уюмдарга ыраазы болуп жатышат.

Анткени донорлордун жардам ирээтинде бөлгөн акчасы кумга сиңип кетпей, жайыт комитеттери тарабынан факты катары айкын көрүнүп турган конкреттүү көп иштер жасалууда.

Акыркы жылдарда жайыттарды түп-тамырынан бери жакшыртуу маселеси курч коюлуп келүүдө. Бүгүнкү күндүн талабына жараша айыл чарбасын өнүктүрүү максатында жайыттар реформасын үзгүлтүксүз тездетүүнү, жайыттарды жакшыртууну жана натыйжалуу пайдаланууну жүзөгө ашыруу эң чоң ролду ойнойт. Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамына ылайык Жайыттар департаментинин адистери жайыт пайдалануучулардын бирикмелерине жана алардын жайыт комитеттерине жайыттардын абалын жакшыртуу жана аларды сарамжалдуу пайдалануу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө.

Мындан сырткары, жайыт департаменттин адистери республиканын жергиликтүү калкына КРнын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын артыкчылыктарын да түшүндүрүп келүүдө. Ошону менен бирге жайыт мыйзамына ылайык жайыт комитеттери башкаруучулук маселелер менен жана аларды ишке ашыруу боюнча иш алып барууда.

Жайыт реформасын жүзөгө ашыруунун алгачкы этабында башкы талап жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, б.а. айыл өкмөттөрүнүн жайыттарынын аймактарын аныктоо жана тышкы чек араларын бекитүү менен аларды КРнын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 3-статьясына ылайык мамлекеттик каттоонун жергиликтүү органдарынан каттоодон өткөрүү болуп саналат. Жайыт комитеттери айыл округдар менен бирдикте жергиликтүү комиссиялардын сунуштарынын негизинде жайыт чек арасы боюнча пландарды түзүп, аны ишке ашыруусу керек, мисалы Суусамыр өрөөнүндө карталар чийилип, чек аралар аныкталган.

Бүгүнкү күндө жайыттардын аймактары жана алардын чек араларын бекитүү боюнча башка облустарда бул процесстер аткарыла элек. Суусамыр өрөөнүнүн мисалында жасалып жаткан иш-чаралардын башкаруу ыкмаларын Нарын облусуна дагы колдонушубуз керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн тажрыйбалардын негизинде Нарын облусунун жайыт комитеттеринин ишин жакшыртуу, жөнгө салуу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан "Жайыт Ассоциациясын" түзүүнү сунуштайбыз.

Схема 1-этап - Ассоциацияны түзүү  боюнча план түзүү




Ассоциациядагы пландаштыруу төмөндөн жогору карай пландаштыруу усулунун негизинде ишке ашат, бул жайыт пайдалануучулар бирикмелери тарабынан өздөрүнүн жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча кеңири пландарын берүүсүн билдирет, алар жогорку тепкичте биригип, жыйынтыгында Ассоциациянын жалпы планын түзөт. Мында пландаштыруу үчүн укукту ишенип берүү ачык көрүнөт.

“Айыл жергеси”   жайыт пайдалануучуларынын ассоциациясы

Жайыт пайдалануучулардын ассоциациясынын  ишкердүүлүгүнүн схемасы

Жайыт жерлерин натыйжалуу башкаруу жана үзүрлүү пайдалануу үчүн жергиликтүү коомдук уюм – жайыт пайдалануучулар ассоциацияларын түзүшөт.

Жайыт пайдалануучулар ассоциациясы жергиликтүү өз алдынча жетектөө жана жөнгө салуу үчүн түзүлөт жана ушул аймактык бирдиктеги жайыла турган мал ээлеринин, ошондой эле башка жайыт пайдалануучулардын кызыкчылыгын көздөйт. Башкаруунун аймагындагы бардык жайыт бирикмеси жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагындагы бардык жайыт пайдалануучулардын жана коомчулуктун таламдаш тараптарынын кызыкчылыктарын көздөйт.

**Адабияттар:**


1.www.camp.kg.

2.www.agrocompas.com


***Рецензент: э.и.к., доцент Нуралиева Н.М.***